**Ак-Бешим айыл окмоту, Ак-Бешим айылындагы Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин администрациясы жана Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин профсоюз комитетинин ортосунда 2022-2024-жылдарга карата**

# МАКУЛДАШУУ

Мындан ары Тараптар деп аталуучу Ак-Бешим айыл окмоту , Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин директору жана Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин профсоюз комитети ортосунда, КР Эмгек Кодексинин 40-52-беренелеринин, КР "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин статусу жөнүндө", "Эмгекти коргоо" Мыйзамдарынын негизинде социалдык өнөктөштүктү чыңдоо жана өнүктүрүү, ушул тармактагы кызматкерлердин эмгек, социалдык, экономикалык жана укуктук кепилдиктерин жөнгө салуу максатында, ушул Макулдашуу 2022- 2024-жылдарга түзүлдү.

Макулдашуу - бул социалдык-экономикалык мамилелердеги Тараптардын иш-аракеттеринин негизги багыттарын аныктаган, белгилүү бир мезгил ичинде алардын макулдашылган саясатын белгилеген ченемдик акт. Үч тараптуу Макулдашууга Ак-Бешим айылындагы Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин билим берүү кызматкерлери үчүн кошумча жеңилдиктер жана кепилдиктер кириши мүмкүн, бирок белгиленгенден төмөн эмес, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин, демөөрчүлөрдүн жана мыйзамда тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен.

**Тараптардын кызматташуусунун негизги багыттары:**

**1. Эмгекчилердин экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын коргоо жаатында. Ак-Бешим айылындагы билим берүү тармагында иштеген кызматкерлердин кызыкчылыктарын экономикалык жана социалдык жактан коргоо маселелерин кызматташуунун артыкчылыктуу багыттары катары карап, Тараптар зарыл деп эсептешет**:

1.1. "2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын" ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планына ылайык, билим берүү тутумунун бардык деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү процессине жигердүү катышуусу.

Администрация

1.2. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашыруу планына ылайык мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган балдарды жыл сайын жалпы билим берүүчү мектептерде даярдоо ишин уюштурат Администрация

1.3. Жыл сайын билим берүү бөлүмүндө жүргүзүлүп жаткан тарификацияны көзөмөлдөө максатында тарифтик комиссия түзүү.

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

Администрация

Профсоюз

1.6. Коомдук өнөктөштүктүн маселелерин, ушул үч тараптуу Макулдашуунун жана билим берүү уюмдарынын жамааттык келишимдеринин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматты жалпыга маалымдоо .

Профсоюз

**2. Билим берүүчүлөрдүн укуктарын жана таламдарын укуктук коргоо чөйрөсүндө: Билим берүүчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону андан ары өркүндөтүү максатында, Тараптар макулдашышты**:

2.1. Билим берүү уюмдарынын кызматкерлерин кызматтан бошотуу жана кабыл алуу, кыскартуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жүргүзүлөт. Жаны кабыл алынган кызматкер дароо КР билим жана илим кызматкерлер кесиптик бирлигинин Уставы менен таанышып өз арызынын негизинде профсоюзга мүчөлүккө кабыл алынат.

Профсоюз

Администрация

2.2. Кесиптик бирликтин мүчөлүгүнө ай сайын бир пайыз өлчөмүндө акча которуулар борборлоштурулган бухгалтердик эсеп аркылуу жүргүзүлөт

Администрация

2.3. Кесиптик милдеттерине туура келбеген жана эмгек келишиминде каралбаган жумуштарды аткарууга алардын макулдугусуз мугалимдерди тартууга тыюу салуу.

Айыл окмот

Администрация

Профсоюз

2.4. Убактылуу эмгекке жарамсыздыгы боюнча, кош бойлуулук жана төрөт, жөрөлгө боюнча жөлөкпулдарды төлөө, эсептөө жана төлөө маселелери боюнча коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу.

Профсоюз

2.5. Райондун бардык билим берүү уюмдарында эмгек талаштары боюнча комиссияларды түзүү.

Профсоюз

2.6. Мектепте, мектепке чейинки уюмдарда иш кагаздарын туура жүргүзүү,

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

"Жумушчулардын эмгек китепчелерин жүргүзүү жана сактоо тартиби жөнүндө" жергиликтүү нускаманын аткарылышына коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу.

Администрация

Профсоюз

2.7. Билим берүү уюмдарынын кызматкерлери менен эмгек мыйзамдары, "Эмгекти коргоо жөнүндө" Мыйзамы жана жаңы кабыл алынган ченемдик документтер боюнча окутуу семинарларын өткөрүү.

**3. Эмгекти сергек жана коопсуз шарттарда камсыз кылуу деңгээлин жогорулатуу жаатында Эмгекти коргоо жаатындагы негизги иш-чаралар:**

3.1. Билим берүү уюмдарынын директорлорунан кызматкерлердин ден соолугу үчүн коопсуз шарттарды түзүү үчүн жамааттык келишимдерде каралган каражаттарды берүүнү талап кылуу

Айыл окмот

Администрация

3.2. . "Эмгекти коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, өндүрүштүк кырсыктан жапа чеккен кызматкерлердин кызыкчылыктарын коргоо үчүн, кызматкердин ден-соолугуна эмгек жаракатынан келтирилген зыяндын ордун толтуруп берүү.

Администрация

Профсоюз

3.3. Билим берүү уюмдарынын иш берүүчүлөрү жыл сайын "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кызматкерлерди акысыз медициналык кароодон өткөрүүнү талап кылуу.

Айыл окмот

Администрация

Профсоюз

3.4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.12.06-жылдагы № 863 "Атайын шарттарда колдонулган эмгек акы жөнүндө" токтомунун негизинде, зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттарында иштегендердин эмгек акысына кошумча төлөө. Жыл сайын билим берүү уюмдарында зыяндуу эмгек шарттары бар жумушчу орундарын изилдөө жүргүзүү.

Айыл окмот

Администрация

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

Профсоюз

**4. Жумушчулардын эс алуусун жана ден-соолугун чыңдоо Билим берүү кызматкерлеринин эс алуусун жана ден-соолугун чыңдоону алардын социалдык коргоонун негизги формасы катары карап, Тараптар төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:**

4.1. Жыл сайын, жаңы финансы жылына бюджеттин түзүлүшүндө, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары, жетимдер, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн мектептерде эс алуу жайларын уюштурууга каражат бөлүп берүү.

Айыл окмот

4.2. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн жана алардын балдарынын эс алуусун жыл сайын кесиптик бирлик тарабынан санаторийлерге, пансионаттарга жана эс алуу үйлөрүнө, балдар ден соолук лагерине бөлүнгөн жолдомолордун эсебинен уюштуруу. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүн өркүндөтүү үчүн демөөрчүлөрдү жана райондук кесиптик бирликтин бюджетин тартуу менен кошумча каражаттарды издөө.

Профсоюз

**5. Келишимдин аракеттери, аны көзөмөлдөө тараптардын иши жана жоопкерчилиги**

5.1. Тараптар бул Макулдашууну социалдык өнөктөштүктүн негизги документи катары таанышйт, ал билим берүү тутумунда 2022-2024- жылдарга социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруунун негизги багыттарын жана зарыл иш-аракеттерин аныктады жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде Макулдашууну жетекчиликке алууга милдеттенди.

5.2. Ушул Макулдашууга ылайык Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана келишпестиктер сүйлөшүүлөр жана тараптардын макулдашуусу боюнча чечилет.

5.3. Пленумда тараптар жыл сайын макулдашуудагы милдеттенмелеринин аткарылышы үчүн жооп беришет.

5.4. Бул Макулдашуу үч нускада түзүлүп даярдалды , ар бир тарап үчүн бирдей юридикалык күчкө ээ.

5.5. Алар кол койгон үч тараптуу макулдашуу боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган тараптар жазуу жүзүндө алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

5.6. Макулдашуу ага Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана жаңы Келишим кабыл алынганга чейин колдонулат.

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

| | | |
|---|---|---|
| Ак-Бешим<br>айыл өкмөтүнүн<br>башчысы<br>Абдурасулов Б.М. | Ж.Баласагын<br>орто мектебинин<br>директору<br>Сайдинова Н.С. | Ж.Баласагын<br>орто мектебинин<br>ПК төрайымы<br>Калыкова М.Ж. |

Ак-Бешим айылынын айыл өкмөтүнүн башчысы, Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин директору, Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин профсоюз уюмунун ортосундагы 2022-2024-жылдарга үч тараптуу келишимдин долбоорун иштеп чыгуу жөнүндө

Комиссия

1. Абдурасулов Б.М.– Чүй районунун Ак-Бешим айылынын айыл өкмөтүнүн башчысы

2.Сайдинова Н.С.– Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин директору

3. Калыкова М.Ж.- Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин профсоюз уюмунун төрайымы

- Эмгек акы
- Эмгекти коргоо жана шарт түзүү
- Эс алууну уюштуруу
- "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдердин статусу жөнүндө" мыйзамдары жана башка ченемдик документтердин негизинде каралган социалдык жөлөк пулдарды жана кызматкерлердин кепилдиктерин чечүү

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA